КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-СУУ РАЙОНУ
МАДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
МАДЫНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШИ

**Мады айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын VIII кезексиз сессиясынын токтому**

Асан-Чек айылы №8/2 06-август 2025-жыл

**“Мады айыл өкмөтүнүн 2025-2030-жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасын бекитүү жөнүндө”**

Мады айыл өкмөтүнүн 2025-2030-жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүү программасын бекитүү жөнүндөгү Мады айыл өкмөтүнүн орун басар-жооптуу катчысы С.Бороновдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап Мады айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Мады айыл өкмөтүнүн 2025-2030-жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүү программасы бекитилсин.

2.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин экономика, финансы, бюджет боюнча депутаттык туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **К.С.Темирбаев**

**ОШ ОБЛУСУ**

**КАРА-СУУ РАЙОНУ**

**МАДЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ**

**АСАН-ЧЕК АЙЫЛЫ**

# КҮЧТҮҮ ЖЕРГИЛИКТҮҮ БИЙЛИК-МАМЛЕКЕТТИН ИШЕНИЧТҮҮ ТАЯНЫЧЫ

## МАДЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН 2025-2030-ЖЫЛДАРГА КАРАТА СОЦИАЛДЫК- ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАСЫ

**Асан-Чек-2025**

**Аталган стратегиялык өнүгүү программа Мады айылдык кеңешинин 2025-жылдын 6-августундагы №8/2 токтому менен бекитилди.**

Стратегиялык өнүгүү программаны иштеп чыгууга катышкан жумушчу топ ушул стратегиялык программаны иштеп чыгууга активдүү катышкан төмөнкү адистерге ыраазычылык билдирет:

1. Боронов Сабыр Топчуевич – Мады айыл өкмөтүнүн орун басары-жооптуу катчы.
2. Тургунбаев Бахадыр Абдибаитович – Мады айыл өкмөтүнүн эсепчиси.
3. Торобекова Нуржамал Турсуналиевна -Мады айыл өкмөтүнүн социалдык иштер боюнча башкы адиси.
4. Жоробаева Самара Кудайбердиевна- Мады айылдык кеңешинин жооптуу катчысы.



## Айыл Өкмөт башчысынын кайрылуусу

Урматтуу айылдаштар!

Сиздерге Жергиликтүү коомчулук иштеп чыгарган экономикалык өнүгүү программасын сунуштоо мен үчүн чоң сыймык. Стратегия биздин өнүгүү элесибизди жана ал элеске кантип жетүү боюнча маалыматты камтыйт. Андан тышкары, өнүгүү программада жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын миссиясы, башкача айтканда элестеги максаттарга жетүүдөгү жергиликтүү бийликтин кылган иш аракеттери камтылган.

Бул процесске салым кошкон баардык жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрүнө ыраазычылыгымды билдирем. Жалпы ишти аткарууда биз аларга таяндык, андыктан өнүгүү программаны жергиликтүү коомчулуктун стратегиясы деп атасак жаңылышпайбыз. Коомчулуктун мүчөлөрү бул процесске ар кандай жолдор менен катышышты. Кээ бирөөсү стратегиялык пландаштыруу комитетине кошулуп, көптөгөн семинарларга катышты. Көпчүлүк эл өздөрүнүн ойлорун кыскача сурамжылоо аркылуу да билдиришти. Сурамжылоого ылайык, эл негизги өнүгүү багыт катары төмөнкүлөрдү белгиледи: айыл чарбасын жана жеке ишкерчиликти өнүктүрүү. Мындан сырткары, үй-бүлөдөгү эң негизги приоритет болуп жумуш жана киреше аныкталды. Жеке ишкер адамдар өз ойлорун бизнес сурамжылоо аркылуу билдиришти. Бул сурамжылоо жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү үчүн кандай шарттарды түзүү керек деген маалыматты берди.

Процесс абдан ылдам болду. Мен ишенем, бул процесске катышкан ар бир адам канааттанды. Биз коомчулугубузду жакшыраак түшүндүк жана жашоочулардын жашоосун кантип жакшыртууну билип калдык.

Бул өнүгүү программа коомчулуктагы баардык маселелерди чечпейт, анткени бул жалпы план эмес. Өнүгүү программа экономикалык өнүгүүнүн эң натыйжалуу жолдорун гана аныктады, мындай ыкма коомчулук белгилеген негизги приоритетке (жумуш орду жана үй-бүлөлүк киреше) түздөн түз салымын кошот. Бул биз башка маселелерди чечпейбиз дегенди түшүндүрбөйт. Өнүгүү программага таянып биз күчүбүздү биринчи кезекте эң орчундуу жана көйгөйлүү маселелерди чечкенге гана жумшайбыз.

Стратегиялык программаны иштеп чыгуу бул абдан маанилүү бирок акыркы кадам эмес. Алдыда дагы көп кыла турган иштер бар. Азыркы тапта өнүгүү программаны ишке ашыруу системасын иштеп чыгуу учурундабыз, ал система стратегияны мониторлойт, баалайт жана керек болсо стратегияны жаңылатып турат.

Экономикалык өнүгүү жергиликтүү коомчулуктун мүчөлөрүнүн демилгесинен көз каранды болгондуктан, мен жеке ишканаларды ача турган же ишкердүүлүктү кеңейте турган адамдарды колдойм. Биз мындай адамдарга жакшы шарт түзмөкчүбүз. Мен биздин жерге инвестиция тартып келе турган тышкы инвесторлорго дагы чакыруу жиберем. Биздин жер салыштырмалуу кичинекей, бирок потенциалы абдан чоң.

Урматым менен,

Т.Т.Токтосунов
Айыл Өкмөт Башчысы

## МАЗМУНУ


**1. СТРАТЕГИЯНЫН МАЗМУНУ БОЮНЧА КЫСКАЧА МААЛЫМАТ**

**2. КИРИШ СӨЗ – СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАН БОЮНЧА НЕГИЗГИ МААЛЫМАТ**

2.1. Жалпы маалымат
2.2. Страгиялык план боюнча тажрыйба жана планды жаңылатууга себеп
2.3. Методология
2.4. Улуттук Өнүгүү Стратегиясы менен шайкештик
2.5. 2015-жылдын 25-сентябрында БУУнун 193 мүчө-мамлекеттеринин туруктуу өнүгүү максаттарына жетүү боюнча милдеттемелери менен шайкештик
2.6. Стратегиялык пландаштыруу комитетинин мүчөлөрү
2.7. Процесске катышкан тышкы эксперттер

**3. КЫСКАЧА БАЯНДОО**

3.1. SWOT анализге кирген маалыматтын кыскача мазмуну

**4. ЭЛЕС**

**5. МИССИЯ**

**6. 2025-2030-ЖЫЛДАРГА СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫ[1]**

**6.1. АЙМАКТЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ**

**6.2. КАЛК**

6.2.1. Калк жана эмгек ресурстары (таблица)
6.2.2. Эмгекке жарамдуу калктын өсүшүн, иш менен камсыз кылуу жана эмгек миграциясы маселелерин талдоо

**6.3. КЫЗМАТТАР ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ИНФРАСТРУКТУРА**

6.3.1. Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура (таблица)
6.3.2. Учурдагы кырдаалды анализдөө
6.3.3. Жергиликтүү коомчулуктун артыкчылыктуу муктаждыктарына анализ жүргүзүү


[1] КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 9-АПРЕЛИНДЕГИ № 32, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 9-АПРЕЛИНДЕГИ № 01-25/144 "ШААРЛАРДЫН ЖАНА АЙЫЛ АЙМАКТАРЫНЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУНУН МЕТОДОЛОГИЯСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" БУЙРУКТАРЫНЫН НЕГИЗИНДЕГИ ДАЯРДАЛДЫ.

6.3.4. Социалдык жана жергиликтүү инфраструктураны өнүктүрүүгө тиешелүү бюджеттик инвестицияларга керектөөлөргө анализ жүргүзүү

## 6.4. ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ

6.4.1. Экономикалык өнүгүү (таблица)
6.4.2. Учурдагы кырдаалды жана экономикалык адистешүүнү талдоо
6.4.3. Экономикалык өнүгүү муктаждыктарын талдоо (анын ичинде тике (жеке) инвестициялар)
6.4.4. Экономикалык өнүгүүгө тиешелүү бюджеттик инвестицияларга болгон муктаждыктарга анализ жүргүзүү

## 6.5. ИНКЛЮЗИВДҮҮ ӨНҮГҮҮ

6.5.1. Инклюзивдүү өнүгүү (таблица)
6.5.2. Учурдагы кырдаалга анализ жүргүзүү
6.5.3. Инклюзивдик өнүгүү муктаждыктарына анализ жүргүзүү

## 6.6. МЕЙКИНДИК

6.6.1. Мейкиндик (таблица)
6.6.2. Учурдагы кырдаалга анализ жүргүзүү
6.6.3. Мейкиндик планынын элементтери

## 6.7. АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ

6.7.1. Айлана-чөйрө (таблица)
6.7.2. Учурдагы кырдаалга анализ жүргүзүү
6.7.3. Экология маселелери

## 6.8. ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТИН ПРОГНОЗУ

## 6.9. СЭӨП: КООМДУК ТАЛКУУСУ

## 6.10. СЭӨП: МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ.

## 6.11. ТИРКЕМЕЛЕРДИН ТИЗМЕСИ

## 2.1 ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Мады айыл аймагынын 2025-2030-жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүү программасы негизги стратегиялык документ болуп эсептелет. Ал жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрү тарабынан 2024-жылдын май айынан баштап ноябрь айына чейин талкууланып, Мады айыл аймагынын айылдык Кеңеши тарабынан 2025-жылдын 6-августундагы VIII кезексиз сессиясынын №8/2 сандуу токтому менен бекитилди. Бул иш Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы мамлекеттик башкаруу академиясы жана Ош мамлекеттик университети тарабынан ишке ашырылган «Социалдык-экономикалык өнүгүү программасы. Социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгуу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишиндеги долбоордук мамиле» долбоорунун эксперттеринин жардамы менен алып барылды.

Процессти алып барыш үчүн бир нече органдар түзүлгөн, алар: уюштуруу комитети, анын ролу башкаруу; жумушчу топ, ал айыл өкмөттүн өкүлдөрүнөн жана атуулдардан турат; секретариат, ал процесске уюштуруучулук жана камсыздоо жагынан колдоо көрсөтөт.

## 2.2 СТРАТЕГИЯЛЫК ПРОГРАММА БОЮНЧА ТАЖРЫЙБА ЖАНА ПЛАНДЫ ЖАҢЫЛООГО СЕБЕП

Мады айыл аймагынын стратегиялык пландаштыруу жаатындагы тажрыйбасы жана стратегиялык планды жаңылатууга түрткү берген себептерди талдоо — жергиликтуу өз алдынча башкаруунун натыйжалуулугун жана айыл аймагынын өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн маанилүү маселе. Төмөндө бул жааттагы негизги пункттарга токтолобуз:

1. Мады айыл аймагынын стратегиялык пландаштыруу тажрыйбасы

Кыргызстан эгемендүүлүк алган 1991-жылдан кийин, рыноктук экономикага өтүү менен улуттук өнүгүү боюнча стратегиялык багыттарды иштеп чыгууну баштаган. Бул өзгөрүүлөрдүн алкагында айыл аймактары да жергиликтүү мүмкүнчүлүктөргө жараша өзүнүн стратегиялык өнүгүү багыттарын аныктоо зарылдыгына туш болгон. Аймактын экономикасын көтөрүү, социалдык кызматтардын жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу жана элдин жашоо деңгээлин жогорулатуу — негизги максаттардын бири болуп калды. Бул багыттагы негизги документтер:

а) "Айыл аймагынын стратегиялык өнүгүү пландары"

- 2013-2017 Мады айыл аймагынын өнүгүү планы
- 2017-2021 Мады айыл аймагынын өнүгүү планы
- 2022-2026 Мады айыл аймагынын өнүгүү планы

б) Айылдардагы стратегиялар

Акыркы жылдары айыл аймагында стратегиялык пландоонун алкагында бир катар маанилүү тажрыйбалар топтолду. Айыл аймагынын жана өнөктөш уюмдардын колдоосу менен чакан жана орто ишкердикти өнүктүрүү максатында үй-бүлөлүк ишкердикти колдоо программалары ишке ашырылды. Ошондой эле айыл ичиндеги ички жолдорго шагыл тошоо, суу түтүктөрүн алмаштыруу жана көчө жарыгын орнотуу аркылуу инфраструктураны жакшыртуу боюнча иштер жүргүзүлдү. Мындан тышкары, мектептерге жана бала бакчаларга шарт түзүү, саламаттыкты сактоо мекемелерине көмөк көрсөтүү

аркылуу социалдык тармактарга колдоо көрсөтүү аракети көрүлүп, бул аракеттер элдин жашоо сапатын көтөрүүгө багытталган.

2. Социалдык –экономикалык программаны жаңыртууга себептер:

Мады айыл аймагында социалдык-экономикалык өнүгүү программасын жаңыртуу зарылдыгы учурдагы реалдуу муктаждыктар жана коомдук талаптардын өзгөрүшү менен тыгыз байланыштуу. Биринчиден, калктын саны жылдан-жылга өсүп, жаштардын жана үй-бүлөлөрдүн турмуш деңгээлине карата талаптары да жогорулап жатат. Билим берүү, саламаттыкты сактоо, иш менен камсыз болуу сыяктуу социалдык кызматтарга суроо-талап өсүүдө, бирок аларды канааттандыруу азырынча жетишсиз.

Экинчиден, таза суу маселеси айыл аймагында өзгөчө курч турат. Көптөгөн кожолуктарда ичүүчү таза суу күнүгө берилбейт же такыр жетпейт. Айрым айылдарда суу түтүктөрү эскирген жана суу булагы жетишсиз, бул калктын санитардык жана ден соолук шарттарын начарлатууда.

Үчүнчүдөн, турак жай маселеси да барган сайын курчуп жатат. Калктын көбөйүшүнө жана мигранттардын кайтып келүүсүнө байланыштуу жашоого ылайыктуу жер тилкелери жетишсиз болууда. Жаңы конуштарда инженердик инфраструктура жок, ал эми көп балалуу үй-бүлөлөр турак жайга муктаж бойдон калууда.

Төртүнчүдөн, айылдагы өндүрүш тармагы дээрлик өнүккөн эмес. Мындай шартта жергиликтүү экономика өнүкпөй, эл негизинен сыртка эмгек мигранты катары кетүүгө аргасыз болууда. Өндүрүштү кайра жандандыруу — жумушчу орундарын түзүү, бюджеттик кирешени көбөйтүү жана жаштарды айылда кармап калуу үчүн маанилүү кадам болуп эсептелет.

## 2.3 Методология

Бул - стратегия эски стратегияны жаңыртуу деп эсептелгени менен анын мазмуну жана структурасы такыр башкача. Бул стратегия жергиликтүү экономикалык өнүгүүгө көңүл бурат, бул болсо өз учурунда жергиликтүү коомчулуктун байлыгын көбөйтүүнүн кыймылдаткычы болуп эсептелет. Өнүгүүгө макроэкономикалык шарттар гана эмес, андан тышкары жергиликтүү шарттар да таасир этет. Стратегия айыл аймагы таасир эте ала турган гана шарттарга көңүл бурат.

Методдун дагы бир маанилүү элементи болуп ар түрдүү багыттарды кеңири талдоого алган жана SWOT түрүндө жалпыланган терең анализ саналат. Бул анализ бизнес сурамжылоону жана атуулдардын сурамжылоосун да камтыйт. Ошентип, катышуучулар ар бир ойду SWOT аркылуу өткөзүшөт. SWOT критикалык маселелерди аныктоодо колдонулат, анын ичинен стратегиялык маселелер аныкталат. Ар бир стратегиялык маселе бир конкреттүү долбоор менен коштолот, ал долбоор стратегиялык маселени чечкенге багытталат. Стратегия ченелген эле стратегиялык максаттарды жана иш-чараларды гана камтыйт, бул да методдун маанилүү элементи.

Процесс коомчулукка жана анын ар кандай мүчөлөрүнө (экономиканын өсүшүнө кызыккандар) таянат. Бул адамдардын баары стратегиялык өнүгүү программасын иштеп чыгуу боюнча түзүлгөн жумушчу топко мүчө болуп, стратегияны биргеликте иштеп чыгарууга чакырылган. Процесс бир нече этаптан турат, ошол эле убакта ар бир этап бир нече семинарды жана кошумча жолугушууларды камтыйт. Баардыгы болуп бир күндүк 5 семинар, эки күндүк 1 чоң семинар, регионалдык 2 семинар өткөрүлдү. Мындан сырткары стратегиялык өнүгүү программасын иштеп чыгуу боюнча түзүлгөн жумушчу топ менен көптөгөн жолугушуулар да болду.

Биринчи этап мурунку стратегиялык өнүгүү программасына баа берүү болду, баа берүүнүн жыйынтыктары жаңы стратегияга чоң салымын кошту. Стратегиялык өнүгүү программасына баа берүү көп элементтерди карап чыкты, элестен баштап миссияга, стратегиялык максаттарга жана долбоорлорго чейин. Жаңы элементтер методологияда ар

бир элементти ар кандай өлчөмдөргө бөлүп баа берди, баа берүү көрсөткүчтөр менен коштолду. Биринчи этаптын акыркы жыйынтыгы болуп мурунку иштелип чыккан стратегиялык өнүгүү программасына баа берүү отчету болду.

Отчет Мады айылдык кеңеши тарабынан каралып бекитилди жана брошюра түрүндө элге таратылды (675 кишиге). Брошюрага атуулдарды сурамжылоо дагы кошулуп, ал сурамжылоо аркылуу индивидуалдык өнүгүү жана инфраструктура долбоорлорунун приоритеттери боюнча элдин пикири суралды. Сурамжылоонун жыйынтыгы жаңы стратегияны иштеп чыгарууга чоң салым кошту.

Экинчи этап бул жаңы социалдык-экономикалык өнүгүү программаны иштеп чыгаруу болду. Мурунку план социалдык жана техникалык инфраструктурага көңүл бурса, жаңы план жергиликтүү экономикалык өнүгүүгө жана аны ишке ашырууга керектүү болгон долбоорлорго чоң көңүл бурат. Бул этап бир нече анализдерден жана отчеттордон турат. Негизги отчет экономикалык жана социалдык абалга байланыштуу бир нече багыттарды камтыды: жалпы маалымат, коомчулук, экономика, муниципалдык менчик, социалдык жана техникалык инфраструктура, кызматтар жана башкалар. Булардын арасынан эки багыт деталдуу каралды, анткени алар жергиликтүү экономикалык өнүгүү үчүн чоң мааниге ээ: жергиликтүү бюджет жана муниципалдык менчик. Андан тышкары тышкы чөйрөдөн келе турган мүмкүнчүлүктөр жана коркунучтар каралды. Өзгөчө, жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүгө ылайыктуу шарттар терең анализденди. Алар жеке ишкерлердин арасындагы өткөрүлгөн бизнес сурамжылоо аркылуу аныкталды. Ушул отчеттун баары SWOT анализинен өткөрүлдү.

Мындан соң SWOT анализине таянып критикалык маселелер, критикалык маселелердин арасынан стратегиялык маселелер тандалды. Стратегиялык маселелер жергиликтүү экономикалык өнүгүүнү оптималдуу түрдө ишке ашырууга жардам кылат (экономикалык өнүгүү элдердин жашоосунун жакшыруусу болуп саналды). Экинчи этаптын акырында стратегиялык маселелерди чечүүгө эң оптималдуу иш-чараларды аныктоо болду. Иш-чаралар долбоорлорго айландырылды.

Үчүнчү этап жаңы стратегиядагы коюлган максаттарды ишке ашыруу системасын түзүү болуп эсептелет. Уюштуруу комитети жергиликтүү экономикалык өнүгүү боюнча башкаруу функцияларын анализдеди жана ар кандай жолдорду караштырды. Анализге таянып система түзүлдү. Система айылдык кеңеш тарабынан бекитилген негизги документ болуп эсептелет.

## 2.4. УЛУТТУК ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ МЕНЕН ШАЙКЕШТИК

Стратегияны жаңылоо ыкмасы иштелип чыгып жатканда жашоо шарттын сапатын жогорулатуунун эң эффективдүү жолу экономикалык өнүгүү аркылуу ишке ашат деген болжол болгон. Ошондуктан стратегия жергиликтүү экономикалык өнүгүүгө өбөлгө боло турган шарттарды түзүүгө көңүл бурат.

Ошентип, бул стратегия айыл аймагынын өнүгүү стратегиясына толугу менен шайкеш келет, анткени ал дагы экономиканы өнүктүрүү маселелерин камтыйт жана жергиликтүү экомикалык өнүгүүнү башкаруу жана колдоо үчүн жергиликтүү потенциалды түзгөнгө өбөлгө болот.

Биздин стратегия менен бир убакта 2030-жылга чейин өлкөнүн өнүгүү стратегиясы иштелип чыкты. Өлкөнүн стратегиялык өнүгүү программасы жалпыга маалым болгондон кийин, анда сунушталган ыкма биздин стратегияга шайкеш болуп чыкты. Экономикалык өнүгүүнү колдоо менен жашоо шартты жакшыртуу. Буга кошумча, стратегиялык өнүгүү программасы жергиликтүү потенциалдын маанилүү экенин белгилейт.

**Төмөндөгү негизги стратегиялык өнүгүү программасы менен шайкеш келет:**

1. Кыргыз Республикасынын 2030-жылга чейинки өнүгүү боюнча Улуттук программасы;
2. 2040-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Улуттук суу стратегиясы (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 10-февралындагы ПЖ №23 Жарлыгына ылайык)
3. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгу жолу жөнүндө Жарлыгына ылайык,
4. Кыргыз Республикасынын аймактарды өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү боюнча Улуттук программасы (2019–2023-жылдар жана кийинки этаптардагы уландысы);
5. Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздук концепциясы жана «Жашыл экономикага өтүү» боюнча Улуттук стратегиясы.

## 2.5 2015-жылдын 25-сентябрында БУУнун 193 мүчө-мамлекеттеринин туруктуу өнүгүү максаттарына жетүү боюнча милдеттемелери менен шайкештик

Туруктуу өнүгүү максаттары – бул эл аралык коомчулуктун алдында турган жакынкы 15 жылда теңсиздик  менен жакырчылыкты жоюу, социалдык интеграцияга жетишүү, глобалдык климаттын өзгөрүшүн токтотуу жана дүйнөнү куруу, мында биздин урпактардын татыктуу жашоосу үчүн ресурстардын жетиштүүлүгү болгон 17 максаттын жана 169 милдеттердин комплекси. Максаттар туруктуу өнүгүүнүн 3 негизги аспектисинен турган: экономикалык өсүштү, социалдык интеграцияны жана айлана чөйрөнү камтыган тең салмактуу прогрессти камсыздоого багытталган чараларды өзүнө камтыйт, алар глобалдуу жана универсалдуу мүнөздө болушат, бирок локалдуу контексттин шарттарына жараша дифференциалдуу өзгөрүү мүмкүндүгүнө жол берет.
2015-жылдын 25-сентябрында БУУнун 193 мүчө-мамлекеттери туруктуу өнүгүү максаттарына жетүү боюнча милдеттемелерди алышкан. Бул чечим «Биздин дүйнөнүн кайра түзүлүшү: 2030-жылга чейинки мезгилде туруктуу өнүгүү жаатындагы күн тартиби» документинде бекитилген.

## 2.6. Стратегиялык өнүгүү программасын түзүү боюнча жумушчу топтун мүчөлөрү.

| № | Аты жөнү | Иштеген жери | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|---|
| 1 | Боронов Сабыр Топчуевич | Айыл өкмөт башчысынын орун басары-жооптуу катчы | Жумушчу топтун төрагасы |
| 2 | Торобекова Нуржамал Турсуналиевна | Айыл өкмөтүнүн социалдык маселелер боюнча башка адиси | жумушчу топтун мүчөсү |
| 3 | Мырзабаев Мукаш Абдибаевтович | Айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы | жумушчу топтун мүчөсү |
| 4 | Тургунбаев Бахадыр Авдибаитович | Айыл өкмөтүнүн эсепчиси | жумушчу топтун мүчөсү |
| 5 | Табалдиев Искендер Аккозуевич | Айыл өкмөтүнүн экономист-статисти | жумушчу топтун мүчөсү |
| 6 | Базиев Алмаз  Акжолович | Айыл өкмөтүнүн жер адиси | жумушчу топтун мүчөсү |
| 7 | Пазылов Нурбек Адылович | Муниципалдык ишкананын жетекчиси | жумушчу топтун мүчөсү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 8 | Жоробаева Самара Кудайбердиевна | Айылдык кеңештин жооптуу катчысы | жумушчу топтун мүчөсү |
| 9 | Акылбек кызы Бактыгул | Айыл өкмөтүүн социалдык маселелер боюнча адиси | жумушчу топтун мүчөсү |
| 10 | Темирбаев Канатбек Суйунбаевич | Айылдык кеңештин төрагасы | Жумушчу топтун мүчөсү |
| 11 | Каликулова Өктөмкан Бакировна | Айылдык кеңештин депутаты | жумушчу топтун мүчөсү |
| 12 | Кадырбердиева Бүайша Курбанбаевна | Айылдык кеңештин депутаты | жумушчу топтун мүчөсү |
| 13 | Мойдинов Зарипбек Сайпидинович | Айылдык кеңештин депутаты | жумушчу топтун мүчөсү |
| 14 | Атаназаров Мунарбек Малаевич | Айылдык кеңештин депутаты | жумушчу топтун мүчөсү |
| 15 | Калматов Бакай Таалайбекович | Айылдык кеңештин депутаты | жумушчу топтун мүчөсү |
| 16 | Абдрахманова Бусайра Абиловна | Жарандык коомдун өкүлү | жумушчу топтун мүчөсү |
| 17 | Абдураимова Лайлохан | Ардагерлер кеңешинин төрайымы | жумушчу топтун мүчөсү |
| 18 | Токуров Жали | Аксакалдар сотунун төрагасы | жумушчу топтун мүчөсү |
| 19 | Кадырова Гулзат Закировна | Аялдар кеңешинин төрайымы | жумушчу топтун мүчөсү |
| 20 | Бөрүбаева Гүлсүн Чомоевна | Курманжан Датка атындагы орто мектебинин директору | жумушчу топтун мүчөсү |
| 21 | Аматов Жали Мамиевич | Жеке ишкер | жумушчу топтун мүчөсү |
| 22 | Кочкорбаев Жоомарт Абдимуталипович | Жеке ишкер | жумушчу топтун мүчөсү |
| 23 | Шаданов Абдыкайым Абдисаламович | Жарандык коомдун өкүлү | жумушчу топтун мүчөсү |
| 24 | Исмаилов Жунус Сыдыкович | Ветеринардык адис | жумушчу топтун мүчөсү |
| 25 | Кыдырбаев Сеитбек Курбанбаевич | Айыл башчы | жумушчу топтун мүчөсү |
| 26 | Каримкулова Бусайра | Активист | жумушчу топтун мүчөсү |
| 27 | Чегиров Алымбек Бурканбекович | Жеке ишкер | жумушчу топтун мүчөсү |

## 2.7. Процесске катышкан тышкы эксперттер

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык-экономикалык өнүгүү пландарын иштеп чыгуу маселелери

1.“USAID” тин “Ийгиликтүү аймак -2” долборунун тренерлери
2.Тренер - Сагынбек Макыев Төлөшович, экономика боюнча PhD доктору, Ош мамлекеттик университети, Экономика, бизнес жана менеджмент институту.

# 3.КЫСКАЧА БАЯНДОО

Социалдык-экономикалык өнүгүү программанын жалпы максаты бул Мады айыл аймагынын тургундарынын жашоо шарттарын жакшыртуу болуп эсептелет. Жашоонун жакшыруусун колдогондор – бул тургундар өздөрү болуп саналат. Жашоону жакшыртууга алардын энергиясы да, жөндөмү да бар. Айыл өкмөтүнүн ролу ошол адамдарды колдоо жана аларга шарт түзүп берүү болуп саналат (эң биринчиден аларга тоскоолдук кылбоо жана колдон келсе колдоо).

Өнүгүү программа негизинен айыл аймагынын экономикасынын өнүгүшүнө көңүл бурат. Башка мамлекеттердин тажрыйбасы көрсөткөндөй, жергиликтүү экономикалык өнүгүү элдин жашоосун жакшыртуунун эң эффективдүү жолу болуп саналат. Буга кошумча, Мады айыл аймагынын атуулдарынын арасындагы сурамжылоонун жыйынтыктары жумуш орундары жана үй-бүлөлүк киреше жашоодогу эң маанилүү приоритеттер деп далилденди.

Андан кийинки тапшырманын максаты жергиликтүү экономикалык өнүгүүнү тездетүүгө эмне керек экенин аныктоо болду: тышкы мүмкүнчүлүктөрдү колдонуу жана тоскоолдуктарды чечүү.

Төмөндөгү таблица стратегиялык тандоонун жолун көрсөтөт:

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Түрдүү маалымат /анализдер:**<br>**1. Жалпы маалымат**<br>**2. Муниципалдык менчик**<br>**3. Жергиликтүү бюджет**<br>**4. Тышкы чөйрө**<br>**5. Бизнес сурак**<br>**6. Атуулдар сурагы**<br>**7. Баалоо отчеттунун жыйынтыктары** | **Анализдердин SWOT түрүндөгү эң негизги жыйынтыктары** | **Критикалык маселелер, SWOT анализге таянып аныкталган жана техникалык аймактарга бөлүнгөн** | **Стратегиялык маселелер (чектелген), критикалык маселелердин арасынан тандалган** | **Стратегиялык максаттарды жетүүгө багытталган иш-чаралар (долбоорлор)** |

Аныкталган стратегиялык маселелер айыл аймагынын социалдык-экономикалык абалынын жана тышкы чөйрөнүн анализинин жыйынтыгы. Маалымат тогуз ар түрдүү отчеттордон алынды. Бул учурда эң маанилүү маалымат гана отчетторго кирди, андан кийин отчеттордогу эң маанилүү тезистер SWOT таблицасына кирди.

SWOT таблицасындагы маселелердин арасынан чектелген критикалык маселелер тандалды жана структурасы боюнча бөлүндү.

## Критикалык маселелер тогуз стратегиялык багыт боюнча аныкталды:

1. Аймактын жалпы мүнөздөмөлөрү каралат.
2. («КАЛК») Калк жана эмгек ресурстары таблица түрүндө жана эмгекке жарамдуу калктын өсүшүнө, иш менен камсыз кылуу жана эмгек миграциясы маселелерине талдоо жүргүзүлөт.
3. («КЫЗМАТТАР ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ИНФРАСТРУКТУРА») Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура таблица түрүндө, учурдагы кырдаалды анализдөө жана жергиликтүү коомчулуктун артыкчылыктуу муктаждыктарына анализ, ошондой эле социалдык жана жергиликтүү инфраструктураны өнүктүрүүгө тиешелүү бюджеттик инвестицияларга керектөөлөргө анализ жүргүзүлүп каралды.
4. («ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ») Экономикалык өнүгүү таблица, учурдагы кырдаалды жана экономикалык адистешүүнү талдоо, экономикалык өнүгүү муктаждыктарын талдоо (анын ичинде тике (жеке) инвестициялар), экономикалык өнүгүүгө тиешелүү бюджеттик инвестицияларга болгон муктаждыктарга анализ жүргүзүлөт.
5. («ИНКЛЮЗИВДҮҮ ӨНҮГҮҮ») Инклюзивдүү өнүгүү таблица, учурдагы кырдаалга анализ жүргүзүү, инклюзивдик өнүгүү муктаждыктарына анализ жүргүзүү маселелери каралат.
6. («МЕЙКИНДИК») 6.6.1. Мейкиндик таблица түрүндө жана учурдагы кырдаалга анализ жүргүзүү, мейкиндик планынын элементтери каралат.
7. («АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ ») Айлана-чөйрө таблица түрүндө берилип, учурдагы кырдаалга анализ жүргүзүү жана экология маселелерине талдоо жүргүзүлөт.
8. Жергиликтүү бюджеттин божомолу каралат.
9. СЭӨП: Коомдук талкуусу боюнча маалымат берилет.

## Кыскача баяндоо

### 3.1. Анализге кирген маалыматтын кыскача мазмуну

| Күчтүү жактар: | Алсыз жактар: |
|---|---|
| 1. Экономикалык активдүү калк (жалпы 36616) - 60 %<br>2. Көп улуттуу калк жашайт<br>3. Айыл чарба маселеси<br>4. Ротация маселеси<br>5. Жер ресурстары (айдоо жер, кайракы жер)<br>6. Башкы план<br>7. Таза суу маселеси<br>8. Билим берүү тармагы<br>9. Жүргүнчүлөрдү ташуу маселеси<br>10. Гранттар менен иштөө (азык-түлүк программасы, эл аралык уюмдар)<br>11. Медицина тармагы<br>-элди медициналык жактан тейлөө;<br>12. Социалдык камсыздоону уюштуруу<br>13.Жолдордун абалы:<br>-ички жолдор;<br>-республикалык жолдор;<br>14.Социалдык инфраструктура жөнүндө<br>15. Жумушчу орун түзүлөт:<br>-туризм | 1.Тейлөө инфраструктурасы;<br>2.Коммуникация, ички жолдор, каналдар;<br>3.Ишкерлерди колдоо:<br>-жагымдуу шарттарды түзүү;<br>4. Кесипкөй адистердин жоктугу<br>5.Жергиликтүү бюджеттин жетишсиздиги<br>-ишкерлерди колдоого жатпайт<br>6.Өздүк кирешелер бюджеттик кирешелердин 3/1 түзөт<br>7. Башкы план (айылдардын ген планы):<br>-айыл өкмөттүн башкы планы (Ген план) бекитилген эмес.<br>8.Айыл чарба жерлеринин деградацияга учурашы:<br>-айыл чарба өсүмдүктөрүнүн сапаты начар;<br>-жайыт жерлеринин начардыгы;<br>-деградация боюнча иш алып баруу;<br>9. Аз камсыз болгон үй-бүлөлөр:<br>-пособия, жөлөк пул, пенсия<br>10.Жумушсуздук маселеси |

| | |
|---|---|
| -ишкерлик<br>16. Финансы институттары жөнүндө:<br>-Бейөкмөт уюмдар, топтор<br>17. Туризм<br>18. Азык-түлүк коопсуздугу | 11.Штаттык бирдик, эмгек акы<br>12.Жергиликтүү Кеңештин абалы:<br>- тажрыйбанын аздыгы<br>13. Аппараттын проф.деңгээлин көтөрүү<br>14. Гранттар менен иштөө<br>15.Санарип боюнча:<br>- стратегиялык планды киргизүү;<br>-электрондук аймак<br>16. Компьютер, оргтехника жетишсиз, сапаты начар;<br>17.Компьютердик сабатсыздык:<br>-адистерди окутуу<br>18.Табигый ресурстар аз:<br>-таза суу жетишсиз;<br>-инфраструктура начар;<br>19. Сугат сууга болгон төлөмдөр начар<br>20.Жылытуу системасы:<br>-мектеп, бала бакча, ФАПдын системасы;<br>-көмүрдүн сапаты;<br>21.Медициналык мекемелердеги жабдуулардын жетишсиздиги;<br>22.Маданият мекемелеринде инструменттердин, формалардын жетишсиздиги;<br>23. Бала бакчалардын жетишсиздиги |
| **Мүмкүнчүлүктөр**<br><br>1. Ош-Бишкек жолунда жайгашкандыгы, Өзбекстан, Кытай Эл Республикалары менен жолдун бардыгы<br>2. Өнөр жай товарларын сатуу<br>3. Өндүрүштө жергиликтүү тургундарды иш менен камсыздоо<br>4. Гранттар, фонддор мүмкүнчүлүктөрү<br>5. Өзбекстан менен чектеш<br>6. Борбордук Азиядагы эң чоң базардын жайгашуусу<br>7. Чет өлкөдөн акча жиберүү<br>8. Донорлор менен иштөө<br>9. Чет элдик ишкерлер менен иштөө<br>10. Токой чарбасынын болушу<br>11. Республикалык маанидеги өндүрүш<br>12. Кластердик өндүрүштүн болушу | **Коркунучтар**<br><br>1.Миграциянын болушу:<br>-соц.миграция<br>- мектептеги рекетчилик. Суицид<br>2. Өндүрүлгөн продукцияны сатуу коркунучу<br>3. Конфеттер, суусундуктар, самындар<br>4.Салык системасы<br>5. АТР ден кийинки көйгөйлөр<br>6.Коңшу мамлекеттер бизнести тартып алышы мүмкүн:<br>-теплица, лимон, көк чөп, кулпунай<br>7.Экология<br>8.Саясий абалдын өзгөрүп кетүүсү:<br>-Саясий туруксуздук |

4. **ЭЛЕС**

**Мады айыл аймагы жаңы технологиялардын негизинде айыл чарбасы, кайра иштетүүчү тармагы өнүккөн, жеке ишкердүүлүккө шарттар түзүлгөн, сапаттуу тейлөө кызматтарды көрсөткөн, адам укугун сактаган, ал үчүн жагымдуу жашоо чөйрөсүн камсыздаган, билимдүү, маданияттуу, ден соолугу чың жана Улуу Жибек жолунун боюнда бакубат жашаган атуулдардын кичи мекени.**

**5.МИССИЯ**

## Мады айыл аймагынын миссиясы төмөнкүдөй:

**Мады айыл өкмөтүнүн элесине жетүү үчүн ыңгайлуу шарт түзүп беришет.**

**Күчтүү айылдык кеңеш жана профессионалдуу аппарат, ички жана тышкы ресурстарды эффективдүү пайдалануу менен, жергиликтүү коомчулукка сапаттуу кызмат көрсөтүшөт.**

**Мады айыл өкмөтү укуктун корголушуна, демократиянын калыптанышына жана жергиликтүү экономиканын өнүгүшүнө өбөлгө болгон чөйрөнү камсыз кылат.**

Миссиянын мааниси – бул айыл аймагынын жетекчилигинин элеске жетүүгө багытталган ролу. Башкача айтканда, миссия айыл аймагынын элеске жетүүдө тийиштүү шарттарды түзүү үчүн кандай иш-аракеттерди алып барыш керек деген суроого жооп берет. Миссия айыл аймагынын философиясы деп да аталса болот.

Миссия элес сыяктуу мониторлонуп жана ага баа берилип турушу керек. Бул учурда да миссиянын ар бир элементинин мааниси берилген. Ушуга таянып келечекте башкаруу органдары өздөрүнүн койгон ролуна жана максаттарына жеткендиги же жетпегендигине баа берүүгө мүмкүн болот.

## 6. 2025-2030- жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы.

| 6.1-БӨЛҮМ. АЙМАКТЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ | | |
|---|---|---|
| | | |
| Географиялык абал | Мады айыл аймагы Ош облусунун Кара-Суу районунда айыл жергесинде жайгашкан. Айыл аймагы чыгыштан Баш-Булак , батыштан Датка, түндүк батыштан Жоош, Отуз-Адыр жана түндүк чыгыштан Алай районунун Жаңы-Алай айыл аймагы менен чектешет. Айыл аймагынын борбору – Асан-Чек айылы.<br>Облустук борбордон 7 чакырым, борбордон алыстыгы 650 чакырымды түзөт.<br>Айыл аймагы 1996 – жылы уюштурулган.<br>Мады айыл аймагы- жаңы технологиялардын негизинде айыл чарбасы, кайра иштетүүчү тармагы өнүккөн, жеке ишкердүүлүккө ыңгайлуу шарт түзүлгөн жана сапаттуу тейлөө кызматтарды көрсөткөн, Улуу Жибек жолунун боюнда, Ош шаарына чектеш жайгашкан –гүлдөгөн аймак.<br>Мады айыл аймагы – адам укугун сактаган жана ал үчүн жагымдуу жашоо чөйрөсүн камсыздаган, билимдүү, маданияттуу, ден-соолугу чың, активдүү, колунда бар атуулдардын мекени. | |
| Жалпы аянты (га) | 22056 га | |
| Ландшафт жана жаратылыш шарттары | Негизинен тоолуу аймак, деңиз деңгээлинен 1100дөн 1300 метр чейин бийиктикте жайгашкан. Аба-ырайы айыл аймагынын түздүк чөлкөмдөрүндө субтропикалык-кургак, ал эми тоолуу аймактары континенталдык климаттык алкакта жайгашкан жана айыл чарбасынын өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизет. Кыш мезгили 3 айга созулат жана кар менен коштолот, минималдуу төмөнкү температура -5,-15 °Cка жетиши мүмкүн. Жай мезгилинде температура +30, +40°Cка чейин жетиши мүмкүн. Жайында орточо температура +35 °C, кышында -10 °C.<br>Мады айыл аймагына караштуу тоолуу 2 айыл бар: алар Тээке жана Лаглан айылдары. Кыш мезгилинде аталган айылдарда кардын калыңдыгы 70-80 см чейин жетет. Ички чарбалык жолдордо транспорттук каттамдар түйшүк жаратат. | |
| АА калкы<br>анын ичинде (айылдарда): | Айыл аймагынын калкынын саны 36616 адам, алардын ичинен аялдардын саны -18673, эркектер - 17943тү түзөт. | |

| | | |
|---|---|---|
| Айыл :________(АА борбору) Саны (АА борбору) | Айыл аймагынын борбору- Асан-Чек айылы, калкынын саны 4375 адам. | |
| | а. Кыргыз-Чек – 6 446<br>а. Каарман – 4 471<br>а. Учкун – 2 087<br>а. Мады – 2 997<br>а. Октябрь – 2 647<br>а. Социализм – 3 918<br>а. Чагыр – 2 549<br>а. Тээке – 897<br>а. Лаглан – 1 278 | |
| | а. Жоош – 1 269<br>а. Достук – 2 115<br>а.Кызыл-Тал -1 567 | |
| СЭӨПнын максаты | “Мады айыл аймагынын СЭӨПнин негизги максаты 2025-2030-жылдар аралыгында социалдык-экономикалык программанын алкагында айыл аймагынын бардык тармактарында өнүгүүнү камсыз кылып, айыл аймагынын калкынын жашоо шартын жакшыртуу, анын ичинде азыр жашап жаткан жана келечек муундардын экономикалык, социалдык жана экологиялык бакубаттуулугун камсыз кылуу»<br>Стратегиялык өнүгүүнүн негизги максаты айыл аймагынын экономикасын көтөрүү, бул багытта негизги багыттардырды аныктап, тактап алып, пландуу иш алып баруу, алар:<br>1.Айыл чарбасын көтөрүү;<br>2. Ишкерлерге жагымдуу шарттарды түзүү аркылуу өндүрүштү көтөрүү;<br>3.Техникалык инфраструктураны жакшыртуу аркылуу сугат суу менен камсыз кылууга жана жолдорду ондоого жетишүү;<br>3.Социалдык сфераны жакшыртуу аркылуу жакырчылыкты жоюуга жетишүү;<br>4. Билим берүүгө олуттуу басым жасоо аркылуу, билимдүү жаштарды тарбиялоого жетишүү, айыл чарбаны өнүктүрү үчүн жер кыртышын байытуу керек жогорку түшүмдөрдү өндүрүү менен кайра иштетүүчү цехтерди иштетип тышкы соода аркылуу дүйнөлүк базарга чыгуу.<br>Экономиканы өнүктүрүү менен элдин турмуш шартын жакшыртууга жетишүү. Билим берүүнү колдоп жаңы окуу жайларды куруу жана бар мекемелерди азыркы замандын талабына жооп бере турган даражага жеткирүү менен татыктуу билим алууга жана кесибин сүйгөн адистер менен камсыздоо;<br>Экономиканы көтөрүү менен элдин жашоо шартын жакшыртуу.<br>Мады айыл өкмөтүнүн тоолуу Лаглан, Тээке айылдарына туристтик эс алуу жайларды дүйнөлүк даражадагы деңгээлге жеткирүү. | |

## 6.2-БӨЛҮМ. КАЛК

### 6.2.1. (таблица) Калк жана эмгек ресурстары

| Категория | *Факт* | | *кутулгөн* | *прогноз* | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** | **2028ж.** | **2029 ж.** | **2030 ж** |
| **Жыл башындагы туруктуу калктын саны** (адам) | 35927 | 36179 | 36616 | 36671 | 37038 | *37408* | *37783* | *38160* |
| *Өсүш темпи %* | 0,7 | 0,7 | 0,7 | 0,7 | 0,7 | 0,7 | 0,7 | 0,7 |
| анын ичинде аялдар | *18197* | *18324* | *18452* | *18581* | *18711* | *18842* | *18974* | *19107* |
| **Жыл башындагы эмгекке жарамдуу курактагы туруктуу калктын саны,** (адам) | 20588 | 20732 | 20877 | 21023 | 21170 | 21318 | 21468 | 21618 |
| *Өсүш темпи (%)* | | *0,7* | *0,7* | *0,7* | 0,7 | 0,7 | 0,7 | 0,7 |
| анын ичинде аялдар | *11495* | *11575* | *11656* | *11738* | *11820* | *11902* | *11986* | *12070* |
| Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча **иштеген калктын саны** (адам): | 869 | 867 | 867 | 867 | 867 | 867 | 867 | 867 |
| Айыл чарба | 18359 | 18175 | 17436 | 17101 | 16661 | 16083 | 15333 | 14384 |
| **Өнөр жай:** | 526 | 675 | 866 | 1109 | 1420 | 1816 | 2325 | 2976 |
| *Кайра Иштетүүчү* | 526 | 675 | 866 | 1109 | 1420 | 1816 | 2325 | 2976 |
| *Электр энергиясы* | | | | | | | | |
| Курулуш | 20 | 120 | 720 | 864 | 1037 | 1244 | 1492 | 1792 |
| Соода | 456 | 525 | 604 | 695 | 798 | 917 | 1056 | 1215 |
| Транспорт жана байланыш | 50 | 60 | 72 | 72 | 72 | 86 | 100 | 100 |
| Башка кызматтар | | | | | | | | |
| Калдыктарды кайра иштетүү | | | | | | | | |
| **Жумушсуздардын саны** (адам): | 308 | 310 | 312 | 314 | 315 | 305 | 295 | 284 |
| *Өсүш темпи* | | 0,7 | 0,6 | 0,5 | 0,5 | -3,2 | -3,3 | -3,5 |
| анын ичинде аялдар | | | | | | | | |
| **Жакырчылыктын эң төмөнкү чегинде турган калктын саны** (адам) | 620 | 520 | *374* | *375* | *366* | *365* | 306 | 295 |
| *Өсүш темпи* | | *-16,2* | *-28,1* | *0,1* | *-2,4* | *-0,3* | *-16,2* | *-3,6* |
| **Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын саны** (эл аралык миграция боюнча кеткендер, адам) | 372 | 375 | 372 | 375 | 380 | 385 | 380 | 370 |
| *Өсүш темпи (%)* | | 100,8 | -0,8 | 100,8 | 101,3 | 101,3 | -1,3 | -2,6 |

**6.2.2. Эмгекке жарамдуу калктын өсүшүн, иш менен камсыз кылуу жана эмгек миграциясы маселелерин талдоо**

1. Айыл аймагынын калкынын санынын өсүшү менен эмгекке жарамдуу адамдардын саны көбөйүп жатат. Бул бир жагынан айыл аймагы үчүн потенциалдуу эмгек ресурсу болсо, экинчи жагынан жумуш орундарын түзүү боюнча чоң жоопкерчиликти жаратат.

2. Ички жумуш орундарын көбөйтүү: өнөр жайды, айыл чарбаны, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү.

3. Кесиптик билим берүүнү рынокко ылайыкташтыруу: Эмгек рыногунун талабына жараша кадрларды даярдоо.

4.Жаштар ишкердигин колдоо: Жаңы бизнеске жеңилдетилген насыя, грант берүү.

Өлкөбүз эгемендүүлүк алгандан кийин, айрым заводдордун, фабрикалардын, мекеме-уюмдардын токтоп калгандыгынан улам, айыл чарба тармагында жүргүзүлгөн реформанын жана менчиктештирүүнүн эсебинен жумушсуздардын армиясы көбөйдү. Көпчүлүк эмгекке жарамдуу жаштарыбыз, жумуш издеп башка өлкөлөргө кетип калгандыктан, өлкөбүздүн аймагында эмгекке жарамдуулардын саны азайды. Азыркы учурда миграциядан кайтып келгендердин саны көбөйүүдө, анткени өндүрүш тармагы жанданып, жаңы туруктуу жумуш орундары түзүлүп жатат. Жаштарды жумуш менен камсыз кылуу максатында аларды кесипке окутуу зарылчылыгы келип чыкты. Учурдагы курулуш тармагынын жанданышы менен электриктердин, сварщиктердин, сантехниктердин кызматы жана куруучулардын кызматына муктаждык пайда болуп, бул багытта окутуулар өткөрүлүп жатат.

## 6.3-БӨЛҮМ. КЫЗМАТТАР ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ИНФРАСТРУКТУРА

**6.3.1. (таблица) Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура**

| Категория | *Факт* | | *күтүлг өн.* | *Прогноз* | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** | **2028 ж.** | **2029 ж.** | **2030 ж** |
| Ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк (%) | 80 | 82 | 87 | 90 | 93 | *95* | *97* | *100* |
| Кожолуктарды катуу тиричилик калдыктары (КТК) ташып чыгаруу менен камтуу (%) | 11 | 11 | 18 | 28 | 35 | *40* | *48* | *53* |
| Ички жолдордун жалпы узундугунан канааттандырарлык абалдагы асфальтталган ички жолдордун үлүшү (%) | 10 | 11 | 13 | 18 | 22 | *26* | *30* | *41* |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Көчөлөрдүн жалпы санынан жарыктандырылган көчөлөрдүн үлүшү (%) | 15 | 25 | 35 | 39 | 43 | *47* | *52* | *60* |
| Спорттук секцияларга тартылган жарандардын саны (адам) | 35 | 40 | 50 | 60 | 80 | *100* | *150* | *200* |
| Маданият чөйрөсүндөгү ийримге катышкан жарандардын саны (адам) | 35 | 35 | 39 | 41 | 45 | *50* | *60* | *65* |
| Балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтуу (%) | 36,6 | 40,2 | 43,7 | 44,5 | 46,1 | *47,0* | *48,0* | *51,0* |
| Балдарды мектептик билим менен камтуу (%) | 89,8 | 90,0 | 90,5 | 92 | 93 | *94* | *96* | *99* |
| Медициналык персонал менен камсыздоо деңгээли (адам) | 144 | 148 | 148 | 150 | 150 | *155* | *160* | *165* |
| Калктын турак жай менен камсыз болушу (бир тургунга жалпы аянттын кв. м) | *6855* | *7235* | *7680* | *7740* | *7890* | *7992* | *8146* | *8302* |
| *(башка көрсөткүчтөр)* | | | | | | | | |

## 6.3.2. Учурдагы кырдаалды анализдөө

Ичүүчү суу (таза суу) - Мады айыл аймагында Каарман, Учкун, Жоош жана Октябрь айылдарын 2128 кожолук “Мады - суу байлыгы” муниципиалдык ишканасы тейлейт. Кыргыз-Чек, Асан-Чек, Мады, Социализм, Чагыр, Достук жана Каарман айылдарын 4680 кожолукту Ош шаардык таза суу муниципиалдык ишканасы тейлейт. Калктын 90% таза суу менен камсыздалган. Айыл аймакта суу түтүктөрү эскирген жана оңдоого муктаж болгонуна байланыштуу элди 2030-жылга 100% камсыздоо максатында ЕвроАзия Өнүктүрүү Банкы менен кызматташып долбоор даярдалууда.

Кожолуктарды катуу тиричилик калдыктарын (КТК) ташып чыгаруу менен камтуу:

Калктын катуу тиричилик калдыктарын (КТК) ташып чыгаруу маселесин чечүү жана “Мады Тазалык” ишканасынын материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында 2022-жылы 3780,0мин сомго жаңы үлгүдөгү таштанды ташып чыгуучу атайын техника сатып алынды.

Жыйынтыгында таштанды алып чыгуу жанданып 2023-жылы 1301 кожолук абонент катары катталса, 2024-жылга абоненттердин саны 2050 жетип, жалпы кожолуктун 28% түздү. 2030-жылга чейин этап- этап менен 55-60 % жеткирүү.

2020-жылы уюшулган “Мады Тазалык” муниципиалдык ишканасы эки айылды гана тейлеген, бирок техникалардын эскилигинен улам ишкана айылдардагы таштандыларды алып чыга алган эмес, экинчиден тургундар таштандыларды алып чыгууга болгон төлөмдөрдү өз убагында төлөбөгөндүгүнөн улам ишкана өзүнүн ишмердигин толук кандуу жүргүзө алган эмес, үчүнчүдөн таштанды таштоочу жай жок болгондугунан улам башка жерлердеги таштанды таштоочу жайлар менен келишим түзүлүп, жеткирилип, чыгымдар көбөйүп жаткандыгынан улам 25% же 1760 кожолук тейленип келген.

Чечүү жолдору:

